**«МАКУЛДАШЫЛДЫ»**
Билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоо агенттигинин кызматкерлеринин Жамааттык жыйыны

Протокол № 67-1, 05.09.2024-ж.

**«БЕКИТИЛДИ»**
Билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоо агенттигинин директору

__________ Б. И. Исмаилов

Буйрук №2/0101, 05.09.2024-ж.

# Билим берүү уюмун тышкы баалоону өткөрүү тартиби жөнүндө Жобо

## 1. Жалпы жоболо

1.1. Бул Жобо Агенттик тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтардын белгиленген стандарттарга жана критерийлерге ылайык келүүсүн таануу максатында билим берүү уюмуна

1.2. Жобо Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 15-майындагы №246 токтому менен бекитилген билим берүү чөйрөсүндө аккредитациянын талаптарына жана критерийлерине ылайык иштелип чыккан.

## 2. Тыштан баалоонун максаттары жана милдеттери

2.1. Тыштан баалоонун негизги максаттары болуп:

- ББУ/ББПры аккредитациялык стандарттарга жана критерийлерге дал келүүсүн талдоо;
- ББУ/ББПнын күчтүү жана алсыз жактарын аныктоо;
- ББУ ишмердүүлүгүн жана/же ББПрын жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

2.2. Тыштан баалоонун милдеттери:

- ББУ/ББПнын абалы жөнүндө маалымат жыйноо жана талдоо;
- Аккредитациялык стандарттарга жана критерийлерге ылайык аткарылышын баалоо, ошондой эле ББУ/ББПнын күчтүү жана алсыз жактарын аныктоо;
- ББУ жана/же ББПнын ишмердүүлүгүн жана сапатын жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

## 3. Тыштан баалоону уюштуруу

3.1. Тыштан баалоону өткөрүү үчүн шарттарды уюштуруу жоопкерчилиги билим берүү уюмунун администрациясына жүктөлөт.

3.2. Тыштан баалоону уюштуруу боюнча жоопкерчилик ББПУААнин референтине жүктөлөт.

3.3. Тыштан баалоо үч этаптан турат:

- Даярдык этабы (маалымат жыйноо, документтерди талдоо);
- Билим берүү уюмуна баруу, интервью өткөрүү, имараттарды карап чыгуу, документация менен иштөө, алдын ала жыйынтыктарды жарыялоо;
- Жыйынтык этапы (жыйналган маалыматтарды талдоо, отчет түзүү, сунуштарды иштеп чыгуу).

## 4. Тыштан баалоонун стандарттары жана критерийлери

4.1. ББУ/ББП сырттан баалоо билим берүү уюмунун арызы, деңгээлдери боюнча стандарттарга жана критерийлерге ылайык жүргүзүлөт:

- Жогорку профессионалдык билим берүүнүн институционалдык аккредитациясына карата стандарттар жана критерийлер;
- Жогорку профессионалдык билим берүүнүн программалык аккредитациясына карата стандарттар жана критерийлер;
- Орто жана баштапкы профессионалдык билим берүүнүн институционалдык аккредитациясына карата стандарттар жана критерийлер;

- Орто жана баштапкы профессионалдык билим берүүнүн программалык аккредитациясына карата стандарттар жана критерийлер;
- Негизги жана орто жалпы билим берүүнүн институционалдык аккредитациясына карата стандарттар жана критерийлер;
- Негизги жана орто жалпы билим берүүнүн программалык аккредитациясына карата стандарттар жана критерийлер;
- Жогорку билим берүү алган соңку билим берүүнүн программалык аккредитациясына карата стандарттар жана критерийлер;
- Медицина багытындагы билим берүү уюмдары үчүн эл аралык институционалдык аккредитациянын стандарттары жана критерийлер;
- Медицина багытындагы билим берүү программалары үчүн эл аралык программалык аккредитациянын стандарттары жана критерийлер;

## 5. Тыштан баалоо жүргүзүү тартиби

5.1. Тыштан баалоо төмөнкү негизде жүргүзүлөт:

- ББПУАА тарабынан тыштан баалоо жүргүзүү боюнча буйрук;
- ББУ тарабынан сунушталган өзүн-өзү баалоо боюнча отчет;
- Эксперттик комиссиянын ББУна эки күндүк визити үчүн программа;
- Эксперттик комиссиянын ББУ эл аралык аккредитациялоо боюнча үч күндүк визити үчүн программа;
- Тыштан баалоо боюнча жетекчилик;
- ББПУААнин сертификатталган эксперттер.

5.2. ББПУААнин референти сырттан баалоону ББУна эки күндүк же үч күндүк визитинин программасына ылайык уюштурат.\

**6. Тыштан баалоонун жыйынтыктары боюнча корутунду**

6.1. Тыштан баалоонун жыйынтыгы боюнча корутунду (алдын ала жыйынтыктар) түзүлөт, ага төмөнкүлөр кирет:

- Билим берүү уюмунун белгиленген стандарттарга жана критерийлерге дал келүүсүн баалоо;
- Жыйналган маалыматтарга негизделген күчтүү жана алсыз жактар;
- Билим берүү уюмунун ишмердүүлүгүн же билим берүү программаларынын сапатын жакшыртуу боюнча сунуштар;
- ББУ/ББП боюнча тыштан баалоонун корутундусу.

6.2. Тыштан баалоо боюнча эксперттик комиссиянын отчёту ББПУААне жана билим берүү уюмуна сырттан баалоо аяктагандан кийин 10 жумушчу күн ичинде берилүүгө тийиш.

6.3. Эксперттик комиссиянын тыштан баалоо боюнча отчету ББПУААнин АКнин кийинки жыйынында кароо, каралат.

**7. Жыйынтыктоо жоболор**

7.1. Билим берүү уюму белгиленген тартипте тыштан баалоо жыйынтыктарына каршы аппеляция берүүгө укуктуу.

7.2. Бул Жобого өзгөртүүлөрдү киргизүү ББПУАА тарабынан бекитилген нормативдик актылар боюнча жүргүзүлөт.